УДК: 82-1/-9(575.2)(04)



**Абдырасулова Жеңишгүл Садыковна**
филология илимдеринин кандидаты,
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук
университетинин
эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу
факультетинин доценти
Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары
**Абдырасулова Жеңишгүл Садыковна**
кандидат филологических наук,
доцент факультета международных отношений и
востоковедения Кыргызского национального
университета им. Ж. Баласагына
Кыргызская Республика, г. Бишкек
**Abdyrasulova Zhenishgul Sadykovna**
candidate of Philological Sciences,
Associate Professor of the Faculty of International
Relations and Oriental Studies of the Kyrgyz National
University named after Zh. Balasagyn
jenishgul.69@mail.ru
Kyrgyz Republic, Bishkek city

# ТӨЛӨГӨН КАСЫМБЕКОВДУН “СЫНГАН КЫЛЫЧ” РОМАНЫНДА СӨЗДҮН ЖАНА КОМУЗ КҮҮСҮНҮН СЫРДУУ КҮЧҮ МЕНЕН ОБРАЗ АЧУУ ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

# ОСОБЕННОСТИ РАСКРЫТИЯ ОБРАЗА С ТАИНСТВЕННОЙ СИЛОЙ СЛОВА И МЕЛОДИИ КОМУЗА В РОМАНЕ ТОЛОГОНА КАСЫМБЕКОВА “СЛОМАННЫЙ МЕЧ”

# FEATURES OF THE IMAGE DISCLOSURE IN TOLOGON KASYMBEKOV'S NOVEL " THE BROKEN SWORD” WITH THE MYSTERIOUS POWER OF THE WORD AND MELODY OF KOMUZ

**Аннотация:** Кыргыз элинин жашоосунда сөздүн жана комуз күүсүнүн орду өзгөчө экендигин Төлөгөн Касымбековдун "Сынган кылыч" романы аркылуу аныктап берүү бул макалабыздын негизги милдети болду. Кыргыз элинин маданиятка болгон өзгөчө мамилесин автор таамай көрсөткөн. Чыгармадагы окуяларда кыргыз күүсүнүн орду, касиети, сыры мисалдар менен талдоого алынды.

**Негизги сөздөр**: сөз, манасчылар, маданият, салт, тагдыр, адам, комуз, күү, кыргыз эли, мурас,

**Аннотация**: Основной задачей данной статьи является разъяснение роли слова и комуза в жизни кыргызского народа через роман Тологона Касымбекова "Сломанный меч". Автор показал особое отношение к культуре кыргызского народа. В событиях произведения анализируются место, природа и тайна кыргызских мелодий.

**Ключевые слова**: слово, сказители, культура, традиции, судьба, человек, комуз, мелодия, кыргызский народ, наследие.

**Summary**: The main objective of the article is to clarify the role of words and komuz in the life of the Kyrgyz people through the Novel "Broken Sword"by Tologon Kasymbekov. The author has shown the special attitude to the culture of the Kyrgyz people. The events of the work analyze the place, nature and mystery of Kyrgyz melodies.

**Key words:** word, storytellers, culture, traditions, fate, human, komuz, melody, kyrgyz people, heritage.

Кыргыз элинин байыртан улут катары сактап келген өзгөчө жашоо мыйзамдарын, каада-салттарын, маданиятын өзгөчө белгилеп көрсөтүүгө болот. Элибиз сөздүн күчүнө ишенип, “Сөз аалам жаны”, “Сөз жандуу болот”, “Тилден бал да тамат, уу да тамат”, деп абайлап сүйлөгөн. Мындай сөздүн күчүнө ишенген элден улуу шедевр “Манас” эпосун куюлуштуруп айткан манасчылар, укмуштуудай оозунан сөзү куюлган чечендер, төкмө акындар, залкар жазуучулар чыккан. Алардын кээси өзүлөрүнүн басып өткөн жолун күүгө салып ырга айлантса, кээси кара сөз менен таанылып тарыхта калган. Ошондой улуу сөздүн чебери Кыргыз Республикасынын Баатыры Төлөгөн Касымбеков болжол менен XVIII кылымдын экинчи жарымынан XIX кылымдын аяк ченине чейинки кыргыз элинин башынан өткөргөн окуяларын тарыхый документтерди негиз кылып, "Сынган кылыч" романын жараткан. Улуу сөздүн бүрүнөн жаралган бул чыгармада кыргыздардын башынан өткөргөн тарыхы, боштондук үчүн күрөшү, алдыга умтулушу, улуттук көз карашын чагылдыруу менен адилетсиздикти, теңсиздикти сындап, эркиндикти эңсеген элдин арманын сөздүн күчү менен өзгөчө чагылдырган. Кыргыз элин баш көтөртпөй баскан Кокон хандыгы менен, “экспедиция” деген атка жамынган орус бийлигинин кыргыздарды ар кандай жол менен баш ийдирүү саясатын сынга алган жана тарыхый инсандардын кайталангыс образын түзгөн. Кыргыз энелеринин наркын сактаган, адебин өзүнө сиңирген асылзаада Курманжан датканын жана бүтүндөй Алай элин башкарып турган Алымбек датканын ж.б. тарыхый инсандардын образын мыктылып ачып берген. Алардын өзгөчө акылы, сүйлөгөн сөзү, сыпайы мүнөзү, адамга мамилеси бүтүндөй кыргыз жаштарына үлгү болот. Өмүрлүк жардын баркын баалаган, үй-бүлөсүн күтө билген бул табышмактуу aруу жарынын: “Сизди Анжияндын бийик сепили эмес, улуу тоонун койну калкалайт...” [5, 144-б.]., деген сөзүн уккан Алымбек датка “зеригем, ай”, деп көөдөнүндө баалайт. Кокон хандыгынын ички, тышкы саясатында негизги ролду ойногон бул тарыхый инсандар «Сынган кылычтын» тематикалык-идеялык жана эстетикалык салмагын арттырып, тарыхый мүнөзүн тереңдетип турат. “Алымбек датка менен Курманжан датканын өмүр тагдыры бүтүндөй бир заманга, анда жашаган элдик турмуш агымы аркылуу элестейт” [5, 46-б.]. Алардын бардык иштери, турмуш жолдору мезгил талабы менен мүнөздөлөт. Романда экөөнүн образын эки башка кароого мүмкүн эмес, анткени алардын тарыхый тагдыры, саясий ишмердиги, бири-бирин улантып, толуктап, тереңдетип турат. Автор кыргыздардын Кокон хандыгына жана орус колонизаторлордун жүргүзгөн саясатына келишпестигин, турмуш чындыгынан көркөм чындыкка көтөрүп сүрөттөгөн. Романдагы окуялар үч багыт менен өнүгүп жүрүп отурат.

1. Кыргыз эли менен Кокон хандыгынын ортосундагы мамиле;
2. Кыргыздар менен Орус бийлигинин ортосундагы мамиле;
3. Карапайым калк менен бийлердин ортосундагы мамиле;

Т.Касымбеков “Сынган кылыч” романында тарых барактарын ачып, ага жаңыча мамиле жасоо аркылуу кыргыз элинин башынан өткөргөн реалдуу турмушун, тарыхый-социалдык абалын, саясий-идеологиялык көз карашын көркөм эстетикалык позициядан чечмейт. Автор тарыхый инсандар, тап өкүлдөрү реалдуу турмушта кандай болгондугун жана алардан кандай сабак алууга болооруна элдин көңүлүн бурган. “Жогорку тап өкүлдөрү бир да пендечилик оң же табигый сапаты жок, бүт бойдон кызылдай мокочо, туруш-турпаты менен наадан, кулкуну чоң, напси бузук айланасын тоногуч, эл душманы, улуттун башына түшкөн оор трагедия болуп бааланчу көнүмүш чен-өлчөмдөрдү бузуп, аларга адам катары карап, адам сыпатына салып териштирип, аларда деле жалпы адамда бар сапаттар болгонун тереңден таап ачып көрсөтүп берди” [3, 7-б.]. Т.Касымбеков сөздүн күчү менен адамдын табиятына, жан дүйнөсүнө сүңгүп кирип, алардын мүнөзүн, сапатын мыктылап  ачып берген. Чыгармада кыргызга таандык каада-салт, үрп-адат, кийимдер, тамак-аш, улуттук оюндар тууралуу этнографиялык материалдар кеңири баяндалган. Карапайым калктын арасынан мүнүшкөр Сарыбайдын, дыйкан Теңирбердинин, Бекназар баатырдын образы менен бүтүндөй карапайым калктын мүнөзүндөгү өзгөчөлүктү сүрөттөгөн.

Кыргыз маданиятынын үлгүсү болгон комуз күүсүнүн жана сөз күчүнүн керемети менен каармандардын ички сезиминин нюанстарын ачып бергендигин өзгөчө белгилеп көрсөтүү керек. Кыргыздын улуттук маданий жана руханий, материалдык  мурасы  - элдин тарыхы, тамыры. Карт тарыхты басып өткөн кыргыз элинин жашоосунда улуу сөз керемети менен комуздун орду чоң. Адамдын дилин, ички дүйнөсүнүн уйгу-туйгу болушун, ыйын, жүрөк арзуусун, кайгы-капасын, мүң-зарын, керек болсо кубанычын автор чыгармада күү аркылуу берген. Сарыбайдын тагдыры колунда ойноткон комузу менен жуурулушуп, реалдуу турмуш чындыгынын бир үзүмүн соцалдык-философиялык жалпылоого алып, адамдын образын ачууда жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып берди. Каармандын трагедиялуу образы окурманды кайдыгер калтырбайт. Ал татаал жана көп кырдүү образ, ал жөнөкөйлүүлүгү, сабырдуулугу менен адамдагы мыкты сапаттарды өзүнө сиңирип турат. Анын тагдыры канчалык оор болсо дагы ага чыдап, комузун колуна алып, баардык азабын унуткансыйт, автордун каарманды ачып берүү өзгөчөлүгү дагы ушунда турат.

Ордодо сыртынан караганга ынтымагы бүтүндөй сезилгени менен  ичи кырды бычак, жылмайып отуруп аңдышкан адамдардын образын ачкан. Шерали ханды өлтүрүшүп ордуна уулу Кудаярды хан кылышкандан кийинки эпизоддо комуз күүсүнүн таасирин автор мыкты сүрөттөйт: “Эки айым көздөрүн сүзө, былк этпей, комуз күүсүнүн сыйкырына арбалып, дем тарта албай калышкан таризде. Комуз черткен керилген бир көркөм кыз, те бир көөнө заманда ааламдан жер үйүк, адамдан жараткан менен өрүлүшкөн улук рух издеген, анын тереңине, туу чокусуна жетмекти көксөп өткөн Каркыт атадан калган керемет күүнү сызылтып отурат... Күү муң — бул дүйнөнүн көйүн, түйшүгүн, тилеги менен арманын, кейиши менен кубанычын, ыры менен ыйын бир коштоп, күү ыргагы түркүндөн түркүн кубулжуйт. Канике айым унчукпай, көз жашы төгүлүп отурат... Күү этеги өксөгөндөй, коңур тарта, онтогондой, асыр өмүр арты бир боз туңгуюкка сөнгөндөй. «О, опасыз дүйнө ай... эң акыры түпсүз чексиз муң дайра болуп агып өтмөкпү...» дегендей. Эми үкүлүү кундуз тебетей кийген кыз өрүк комузун күүлөп, комуз муңуна кошо аккан эки айымдын көңүлүн алаксытып, шаңдуу комуз күүсүн баштады. Күү токтоо ачылып, улам күч алып, мукамга мукам жалгашып, улам жаңырып, улам көтөрүңкү дүңгүр кагылды... Курманжан көзү жайнап: — А түзүк, —деп мактап койду, — те бир... өткөн заман келет көз алдыңа... Жаркын айым үшкүрүп гана койду...” [3, 97-б.]. Бул сюжетте автор

сөз керемети менен күүнүн зор күчүн реалдуу ачып берет. Жаркын айым Шерали хандан ажырап, ордо канга жуулуп, арманы ашып, ич ара көрө албастык күчөп, арманы ашып турганда күү менен ички муңун кубалап, өзүн сооротуп, комуздун үнү менен алаксып, тургандыгын автор мыкты сүрөткер катары ачып берген. Күү бул жашоонун муңу менен кубанычын, ыры менен ыйын катар коюп, кадыресе жашоонун өзүндөй чертилип, эки айымды жыргалга дагы, кайгыга дагы батырды. Ичтеги армандын өзү күү менен сыртка оргуштап чыкты. Автордун күүсүнүн күчү чыгарманын тулку боюна сиңген арманды айдап чыккандай сезилет.

Кыргыздын сөз менен күүнүн күчүнө ишенгенин, адамга арманды да, кубанычты да ошол кереметтер менен жеткиргенинен улам байкоого болот. Т.Касымбеков таланттуу сүрөткер катары каармандардын ички дүйнөсүн толкутуп, ташытып, ойлонтуп, кайгыртып, ыйлатып, муңун чыгартып, дилин ачып, “сөз күчүнүн”, “күү кереметинин” наркын, баркын, сырын ачып берген. Романда “күүнүн” тизмектелген сөзү жок болсо дагы, анын керемети күчү, касиети өзгөчө экендигин көрсөтүп турат. Мындай өзгөчө купуя сырды үн менен берүү маданияты кыргыз элинин салттык өзгөчөлүгү катары баалайбыз. Окумуштуу В.Виноградов өзүнүн «Кыргыздын элдик музыкасы» деген эмгегинде: «Комуз – кыргыздардын эң аздектеген музыкалык аспабы болуп эсептелет. Өзүнүнүн аталышы боюнча тектеш элдердин аспаптарына окшош болгонуна карабастан өзүнүн жекече өзгөчөлүгү менен Орто Азиядагы элдердин аспаптарынан айрымаланат. Кыргыз комузу өзүнүн үч кылдуулугу, беренеси жоктугу, толгоосунун көп түрдүүлүгү, ойноо ыкмаларынын түрлөрү, тембри боюнча жана аткарыла турган чыгарманын деңгээли менен алардан өзгөчө айырмаланып турат» [2], деп таамай айткан. Т.Касымбеков: “Кудай үч нерсени бөлөк жараткан — адамдын жүзү ар башка, адам ой-санаасы ар башка, ар адамдын көрөр тагдыры ар башка” [2], деген. Чыгармадагы белдүү каармандардын бири Бекназар комузду өнөр тутуп куубаса дагы, бала кезиндеги көндүмү менен күү чертип, эч кимге айтпас сырын комузга салат. Тарыхка кайрылсак, ар бир кыргыздын боз үйүндө комуз илинип, ар бир кыргыз комузда кол ойнотуп келген. Учурда элдин бул асыл адаты четте калып бара жатканы өкүндүрөт, ушул салтты кайра жандандыруу масатында автор чыгармада улам бир окуядан кийин комуздун касиетин, улуулугун сездирип, өөрчүтүп, сүрөттөп отурат. Мындай алмустактан бери келе жаткан улуу салттык өнөрдү улап, кийинки муунга калтырууну, кайрадан көндүм адатка айландырууну автор чын дилинен тилек кылгандыгы байкалып турат. Бекназар күү менен окурманга таасир берип, “Боз жоргонун баянын” күүгө салышында, этнопедагогиканын негизи жатат. Жан дүйнөсүнө тынчтык бербеген оюн аргымак атка кошуп, шаңдуу күү чертет. Дөөлөтүнө мас болгон Эрке айым бир жолу боз жоргону минем десе... көнүп койгон бек сөзүнөн кете албай, көңүлүнөн өтө албай боз жоргону өзү тартып мингизген, ал мингенде эле «чү» деген, элирип учкан боз жорго туягынын ызгыган чаңы илешпей, артынан жазайылдын огу жетпей, калмакка карап кеткендигин, кайрып чертет Бекназар. Күү этеги акырын муңдуу токтоп, эки адамдын дилинен кете койбой, эки башка таасир берип, ар бирин өз алдынча санаага кармап туруп калды [3]. Т.Касымбеков бул сюжет аркылуу элдик чыгарманын негизинде жаралган күү менен адамды тазартуу, жакшы иштерге жол табуу, ак менен караны талдап билүү, боорукер, таш боор сыяктуу мүнөздөрдү таануу сыяктуу тарбиянын негизин бергендигин байкоого болот. Чыгармада элибизде жан-дүйнөнү туюнтуунун жолу күү чертүү болгондугун байкоо кыйын эмес.

“Сынган кылыч” романында дагы бир армандуу каармандардын бири Сарыбай. Өз бүркүтү көзүн оюп, эки көздөн ажырап, эрмеги жалгыз комузу болгон. Сарыбайдын күүсү анын ички дүйнөсүн туюнтуу менен, ага көз болуп, алдыга жетелеп, өлүм менен өмүрдүн кармашын көрсөтөт. Бук болгон көөдөнү комузун колго алганда гана көтөрүлөт, ичине толгон арманын кубалап сыртка чыгарат. Бир кездеги жашоосун эске салуу менен тилүүлүктүн баасын сезет. Күү менен адамдын табыгий жан-дүйөсүнүн сүрөтү көз алдыдан тизмектеп өтөт. “Табият кучагында табият мүчөлөрү менен коюн-колтук жашаган кыргыздар обонду табияттан өздөштүргөн, туураган сыяктанат.” [4, 119-б.]. Сарыбай комузун эрмек кылып, кайгысын күүдөн гана чыгарат. Анын ички жан-дүйнөсүнүн добушу, анын күүсү катары берилет. “Комуз анын сырдашы, жападан жалгыз муңдашы болуп калган.” [3], Автор адамды ачып берүүдө ар кандай ыкмаларды өтө чебер колдонгон сүрөткер экендигин ушул окуянын өзүнөн көрүүгө болот. Анын комузун дагы эч ким тыңшабай кийинки убакта туугандары дагы четтеп кетишет. Т.Касымбеков мүнүшкөрдүн бир үйдө жалгыз, канаты сынган куштай тунжурап калганын, түш көрүү мотиви менен мыкты өздөштүргөн. Сарыбайдын түшүндө: “Кимдир бирөө тоонун башынан өмүрдүн толгон мезгилинин оттуу, кумардуу күүсүн бир укмуш үндүү комуз менен кубулжутуп чертип кирди. Күү бүт абага толуп, көл болуп толкуду. Комуз тилин түшүнгөн Сарыбай эрип жүрөгү лапылдап кетти... «Мен өлгөн окшоймун, бейиште жүргөн окшоймун, болбосо мен көздөн ажырабадым беле, жараткан тигил жалган дүйнөдө көргөн кордугубузду, тарткан азабыбызды эселеп, бул чын дүйнөдө бизди бейишке чыгарып койгон турбайбы... Сарыбайдын көкүрөгү ушуларды боолгоп, бейиш дүйнөнү дагы жакшылап карагысы келип, эч көзү тойбоду, эч ажырагысы келбеди... Чоочун үргөн иттин үнү ойготуп жиберди” [3]. Сарыбай түшүндө сокур экенин унутуп, дилиндеги көксөгөн үмүтүн көрдү, өмүрүндөгү көөдөнү менен сезген турмушту көрдү түшүндө, мындай тагдырдын жазымышын көтөрбөшкө аргасы да жок. Автор адамдын көзүнүн сокуру менен көөдөндүн сокурдугун салыштырып, динамикалуу ачып берген. Көздүү бирок көөдөнү сокур адамдардын образын Сарыбайдын образы менен каршы койгон. Көөдөнүнө батпаган арманы үй-бүлөсүн эстеп, дагы эле баягы караңгынын кучагында экенин сезгенде жүрөгү канайт, каңырыгы түтөйт, бирок, жашоосу арманда улана берет. Сарыбай өткөнүн эстейт, аңчылыктан жолдуу келгенде туугандары, кошуналары анын үйүндө бапырашып түн жарымына дейре жатпай, эт бышырып жешип, отту чоң жагышып жээгинде балдары менен баары отурушаар эле. «Э, жараткан! Жаздай көктөтүп өмүр бердиң эле. Дарактай мөмөлөтүп бала бердиң эле. Жүрөк толкутуп кадырга мингизип, топ элдин ичинде төргө чыгардың эле. Кана? Ушунун баары аманат беле?! О, жараткан... акыры аягында ушинтип Сарыбайды баарынан ажыратып, дөңү, чуңкуру көп жериңдин бетине эки колун сундуруп темселетип таштаганың ушубу?!» [3], деп, арман күүсүн какты. Сарыбай өзү да, муңканган комузу да буга жооп таба албайт. Мында Т.Касымбековдук ойлоо менен күүнүн касиети, кереметi, кубаты, адамдын ички сезими, жан дүйнөсү менен жуурулушуп, анын жашоого болгон кадамын алга жетелейт. Анын арман күүсү жалгыз гана өзүнүн арманы эмес, ошол мезгилдеги бүтүндөй журттун арманы каты сүрөттөлөт. Ал бир өзгөчө чоң мазмунду камтыйт. Бул жерде өзгө бир жагдайды белгилеп кетүү керек. Күүнүн кыргыз маданиятында орду чоң экендигин өтө ишенимдүү бергендигинде. Сарыбайдын күүсүндө күйүт менен жалгыздыктын арманы оргуштап, ашып-ташып, токтотууга мүмкүндүк бербегендей сезилет. Каарман комузун колго алганда армандуу күү эч тынбастан, күнүгө уланып турууучу армандуу баян экендиги сезилет. “Кыргызда сезимди туюнтуунун берекеттүү ыңгайы обон салуу, атап айтканда, муңга да обон салуу

(кошок обондору), кубанычка, сүйүүгө да обон салуу (ырдоо) болгон. Ар кайсысына өзүнчө обон чыгаруу салты калыпташкан". [4, 121-б.]. Анын тагдыры арманга тушалып, ошол мезгилдеги жалпы журттун турмушу, ички жана тышкы кагылыштарында татаал доор өзүнө жараша эч кимди аябаган, эрки бекем Сарыбайдай адамдарды тарбиялады, анын сокур караңгы жөндөмү дагы ачылды. Анын жүз кырдуу арманынын толкундары күү менен арбыды. Сокур болуп өткөн жашоосунун бөксөсүн өзү комуз күүсү менен толтуруп, өмүрүн өзү узартып турат. Т.Касымбеков чыгармада адамдын тагдырын чебер чечмелеп, жазуучу катары ушундай карама-каршылыктуу татаал жашоо чындыгын, коомдун жандуу туюнтмалары болгон тарыхый инсандар менен карапайым калктын өкүлдөрү аркылуу жеке пендечиликтин ички турмушун кеңири көркөм иликтеп берген. Чыгармада чертилген күүлөр, куюлушкан сөз тизмеги улам жашоонун айлампасы менен чогу катарлаш агылып, жалгыз бирөөнүн гана арманы эмес бүтүндөй калктын арманынын күүсү болуп угулуп турду. Мүнүшкөр турмуштун ушунчалык запкысына карабай көзүнүн жогуна кайыл болуп, башына түшкөн баардык кайгыны туура кабыл алышы жалпы адамзат үчүн үлгү сабак. Ал ата-бабадан бери келе жаткан мүнүшкөрдүк, саяпкердик кесибин көөдөнүнөн түшүнөт, аны улантат. Өзүнүн күлүгүн таптоого да Мадылга жардам берип, аны таптайт. Мындай кылымдан кылымга өтүп жашап келе жаткан элдик улуу мурастарды жоготпостон, улантат. Ал инисине саяпкерликтин сырын үйрөтүү менен кыргыз элинин байыртан бери колдонуп келген, учурда сейрек кездешкен ырасмисин келечекке жайылтууга аракеттенди.

Жыйынтыгында Т.Касымбеков "Сынган кылыч" чыгармасында кыргыз элинин этнопедагогикасынын касиетин, улуттук каада-салттын өзгөчөлүгүн, сөздүн күчүнүн жана комуз күүсүнүн керемети зор экендигин жана анын таасирдүүлүгүн көрсөтүү менен адам концепциясынын түпкү маңызын мыктылап ачып берген.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Виноградов В.С. Киргизская народная музыка. [Текст] / - Фрунзе: 1958. -332 б.
2. Даутов К. Мезгил талашынан өткөн роман. Сынган кылыч: Тарыхый роман. [Текст] / -Б.: Кыргызстан, 1998. -712 б.
3. Касымбеков Т. Сынган кылыч: Тарыхый роман. [Текст] / -Б.: Кыргызстан, 1998. - 712 б.
4. Өмүрбай Макелек. Кыргыз ойломунданы "обон" түшүнүгү. [Текст] / "Манас", Ч.Айтматов ааламы. -Бишкек: 2020 №2(8) 117-129-б.
5. Темирова Б. Төлөгөн Касымбековдун "Сынган кылыч" романдагы тарыхый чындык жана көркөм образ. [Текст] / Б. 2007.